**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 07.20.624 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

**Кол жазма укугунда**
**УДК 94:372.893(575.2)(043.3)**

**Кадыралиева Нуриза Шералкановна**

# КЫРГЫЗСТАНДА ИЛИМИЙ-ПЕДАГОГИКАЛЫК ТАРЫХЧЫ КАДРЛАРДЫ ДАЯРДОО (1932-1991-жж.)

**07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК – 2021**

Диссертациялык иш Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин Кыргызстан тарыхы кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Карыева Анара Карыевна** – тарых илимдеринин доктору, доцент, Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин Философия жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучу |
| **Расмий оппоненттер:** | **Айдаркул Каана** – тарых илимдеринин доктору, профессор, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргызстандын тарыхы жана этнографиясы кафедрасынын профессору |
| | **Кубатова Аида Эсенгуловна** – тарых илимдеринин кандидаты, Б. Джамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун Кыргызстандын XIX -XX-кылымдардагы тарыхы бөлүм башчысы |
| **Жетектөөчү мекеме:** | К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Кыргызстандын жана Чыгыш өлкөлөрдүн тарыхы кафедрасы. *Дареги:* Кыргыз Республикасы, 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов просп, 27. |

Диссертация 2021 - жылдын 26-ноябрында саат 13-00дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 07.20.624 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. *Дареги:* 720026, Бишкек ш., Раззаков көч., 51а.

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., Раззаков көч. 51а) жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 547) илимий китепканаларынан, ошондой эле диссертациялык кеңештин «arabaev. kg» сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын 25-октябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин доктору,**
**профессор Алымбаев Ж.Б.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Дүйнөдө заманбап билим берүү экономиканын, саясаттын жана коомдогу руханияттын өнүгүшүнүн натыйжалуулугун аныктоочу фактор болуп саналат. Азыркы мезгилдеги билим берүүнүн даражасы менен сапаты элдин мамлекеттүүлүктү, улуттук жана маданий өзгөчөлүктөрдү сактоо жөндөмдүүлүгүн модернизациялоонун, ааламдашуунун жана дүйнөлүк интеграциянын интенсивдүү өзгөрүүсүнө дуушар болуусуна жараша болууда.

Кыргызстандын заманбап өнүгүү стратегиясы инсанды руханий, адеп - ахлактык жана каада-салт аркылуу тарбиялоого, патриоттуулукка о.э. Кыргыз Республикасынын ички саясатынын эң маанилүү багыты катары Ата Мекенге кызмат кылууга багытталган. Демек, жалпы жана жеке тарыхый билим берүүнүн сапатын жогорулатуу аркылуу Кыргызстандын заманбап өнүгүү стратегиясын жана анын руханий компонентин ишке ашырууда билим берүү тармагындагы совет мезгилиндеги тажрыйба актуалдуу жана кызыктуу. Белгилүү болгондой, совет доорунда тарыхый билим мамлекетти чыңдоодо, коомду мобилизациялоодо жана бириктирүүдө, стратегиялык жана тактикалык милдеттерди ишке ашырууда идеологиялык чоң роль ойногон.

Советтик курулуш жылдарында калыптанган көптөгөн оң сапаттарды жоготуу менен 1990 -жылдары жогорку билимге таасир эткен жана ушул күнгө чейин уланып келе жаткан трансформация процесстери, тилекке каршы, күтүлгөн натыйжаларды алып келген жок.

Бул тарыхый билим берүүнүн советтик системасы тарабынан топтолгон тажрыйбаны талдоо жана кайра калбына келтирүү аркылуу комплекстүү изилдөө зарылдыгын аныктады.

**Диссертациянын темасы ири илимий багыттар, программалар жана негизги илимий иштер менен байланышы.** Диссертациялык иш демилгелүү эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн **максаты** Кыргызстанда илимий-педагогикалык тарыхчы кадрларды даярдоонун эффективдүү жана заманбап моделин иштеп чыгуу үчүн советтик мезгилдеги (1932-1991) жогорку тарыхый билим берүүнү уюштуруу, калыптандыруу жана өнүктүрүү процессин жана системасын изилдөө.

Алдыга коюлган максатка ылайык, **төмөнкү милдеттер аныкталды**:

1. тарых билимин түзүү боюнча мамлекеттик саясаттын негизги багыттарын жана Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун 1932-1951-жж. тарых факультетинин өнүгүшүнүн негизги этаптарын, шарттарын аныктоо, кафедраларды түзүү, профессордук-окутуучулук курамды толуктоо, күнүмдүк билим берүү, педагогикалык жана факультеттин илимий ишмердүүлүгүн ачып берүү;

2. 1939-1969-жылдары республиканын ЖОЖдорунда тарых факультеттерин ачуу процессин, профессордук-окутуучулук курамды түзүүдөгү жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоонун өзгөчөлүктөрүн, формасын ЖОЖдордогу тарых билиминин формаларын жана мазмунуна тыйгизген таасирин изилдөө;

3. Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун Кыргыз мамлекеттик университетине айланышындагы тарых билимин өнүктүрүү, анын структурасын, кафедраларын, билим берүү формаларын, предметтик класстарды кеңейтүүдө, 1951-1991-жылдардагы профессордук-окутуучулук курамдын жана студенттердин штаттык бирдигине ээ болуусундагы маанисин талдоо;

4. 1938-1953-жылдары аспирантура жана докторантура аркылуу Кыргызстанда илимий тарыхчы кадрларын даярдоо системасын калыптандыруунун жана уюштуруунун негизги шарттарын, илимий тарыхчы кадрларын даярдоонун советтик системасынын оң жана терс тенденцияларын ачып берүү;

5. 1954—1991-жылдарда аспирантура, докторантура, квалификацияны жогорулатуу факультеттери аркылуу илимий кадрларды даярдоо системасын өнүгүшүн изилдөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** болуп совет мезгилиндеги партиялык-тотолитардык режимдин шартында республиканын жогорку окуу жайларында тарыхчы илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо системасы жана тарых илиминин өнүгүү эволюциясына тийгизген таасирин анализдеп изилдөө эсептелет.

1. тарыхый-системалык, тарыхый-биографиялык методдорду колдонуу менен изилдөөдө КМПИдеги тарыхый билим берүүнүн пайда болушу жана эволюциясы проблемасы каралган;

2. 1930-1960-жылдардагы Кыргызстандын региондук ЖОЖдорунда жогорку тарых билимин өнүктүрүүнүн негизги багыттары, материалдык-техникалык базасы начар, университеттерде билим берүүнүн методикалык шарттары бар экстенсивдүү тенденцияларынын таралышы аныктады;

3. тарыхый-системалык методдун негизинде 1950-1991-жылдардагы тарых билимин өнүктүрүүнүн негизги тенденциялары аныкталган. Тарыхнаамадагы эмгектерден айырмаланып, ачылган маалыматтар 1950-1990-жылдардагы Кыргызстандын университеттериндеги тарых билимин кеңири жана деталдуу текшерүүгө мүмкүндүк берет.

4. Тарыхый-маданий, тарыхый-биографиялык методдорду колдонуу менен илимий-изилдөөдөгү тарыхчы кадрларды даярдоо системасын түзүүнүн негизги тенденциялары, 1930-1950-жылдардагы илимий-изилдөө кадрларын даярдоо жаатындагы тарыхчылардын илимий багыттарынын өзгөчөлүктөрү белгиленет.

5. 1950-1990-жылдардагы илимий тарыхчы кадрларды даярдоо системасын өнүктүрүүнүн негизги өзгөчөлүктөрүн жана артыкчылыктуу багыттарын, тарых илиминин өнүгүшү менен ажырагыс байланышкан

илимий кадрларды даярдоо тармагындагы тарыхый мектептерди бөлүп көрсөтүү.

**Практикалык мааниси** тарыхта илимий жана педагогикалык кадрларды даярдоону жакшыртуу боюнча изилдөө ишиндеги материалдарды, корутундуларды, жалпылоолорду жана рекомендацияларды Кыргызстандын тарыхы жана жогорку окуу жайлары боюнча эмгектерди жазууда колдонууга болот. Диссертациянын материалдары Кыргызстандын билим берүү тарыхы боюнча студенттер үчүн лекциялык курстарды жана атайын курстарды иштеп чыгууда, окуу программаларын түзүүдө пайдаланууга сунушталат жана бул проблеманы андан ары терең изилдөө үчүн материал катары кызмат кыла алат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. 1930-1950-жылдары КММИде жогорку тарыхый билимдин пайда болушу жана калыптанышы совет мамлекетинин жалпы тарыхый өнүгүшүнүн фонунда болуп өткөн процесс жана ал кыргыз коомундагы коомдук-саясий, этномаданий кайра түзүүлөр менен байланышкан. Университеттеги тарыхый билим жана тарых илими өнүгүүнүн бардык баскычтарында билим берүү тармагындагы мамлекеттик саясаттын ажырагыс бөлүгү болгон, илим, анын максаттарын, милдеттерин, тарыхый билим берүүнүн структурасын жана мазмунун аныктап, ашыкча идеологиялаштыруу, саясатташтыруу менен мүнөздөлгөн.

2. 1930-1960-жылдары Кыргызстанда тарых билиминин системасынын жана структурасынын калыптанышы жана кеңейиши университеттер тармагынын өсүшү, тарых факультеттери менен аймактык педагогикалык институттардын пайда болушу, филология факультеттери менен (гуманитардык багыттар) биригүүнүн натыйжасында структурасынын өзгөрүшү менен мүнөздөлгөн, натыйжада педагогикалык институттардын студенттеринин санынын өсүшү байкалат. Педагогикалык университеттерди андан ары өнүктүрүү жана жогорку тарых билим берүү системасындагы ар кандай оптималдаштыруу факторлору борбордогу жана региондордогу педагогикалык университеттердин тарых факультеттеринин жоюлушуна алып келген.

3. 1950-жылдар Кыргызстанда университеттик тарых билиминин пайда болушу менен мүнөздөлөт. Тарых билиминин мазмуну менен структурасынын эволюциясы жана кеңейиши, бөлүмдөргө адистиктин киргизилиши, Москва жана Ленинград шаарларында адистиги жок тарыхчыларды даярдоо ж.б. 1980 -жылдардын экинчи жарымында - 1990 - жылдардын башындагы Кайра куруу мезгилиндеги тарых илиминин жаңы формасы менен тенденцияларынын пайда болушуна алып келген, бул совет доорундагы саясий жана идеологиялык догмалардан арылткан жана тарыхтын өнүгүшүнө салым кошкон.

4. 1930-1950-жылдары Кыргызстанда (СССРдин КМПИ жана КирФАН) аспирантура жана докторантура аркылуу илимий кадрларды даярдоо жана аттестациялоо системасы калыптанган. Бирок, ошол эле учурда

илимий кадрларды даярдоо өтө саясатташкан мүнөзү жана академиялык эркиндиктин жоктугу менен мүнөздөлөт. Кыргызстандагы тарыхчылардын илимий изилдөө иштери тарых илимин идеологиялаштыруу жана саясатташтыруу шартында негизделген.

5. Тарыхчы илимий кадрларды даярдоо системасынын 1954-1991-жылдардагы (КМУ жана Кыргыз ССР Илимдер академиясы) өнүгүшү эки этапка бөлүнөт: 1950-1960-жылдар – илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо системасынын активдүү өнүгүү мезгили; 1960-1990-жылдар – илимий кадрларды даярдоо боюнча мамлекеттик саясат тутумдары менен чектөө баскычы. 1950-1990 -жылдары Кыргызстанда тарых илими менен билиминин интенсивдүү өнүгүүсү болгон, ошол эле учурда кээ бир илимпоздор саясий кысымга дуушар болушкан, натыйжада айрым тарыхый окуялар жана инсандар, тарыхый процесстер көз жаздымда, көмүскөдө калган

Тарых билиминдеги жана илимдеги бардык оң жана терс тенденциялардын натыйжасында тарых билиминин жана илиминин өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон кыргыз окумуштууларынын, тарыхчыларынын жана мугалимдеринин белгилүү тобунун пайда болушуна шарт түзгөн.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:** изденүүчү мурда диссертациялык изилдөөнүн предмети болбогон Кыргызстандагы тарыхчы илимий-педагогикалык кадрларын даярдоо маселесин иликтеген.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробациясы.** Изилдөөнүн жыйынтыгы илимий, илимий-практикалык конференцияларда докладдарда, маалыматтарда жана билдирүүлөрдө көрсөтүлгөн.

**Диссертациянын жыйынтыгын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу.** Диссертация темасы боюнча автор 21 илимий макала жарыялаган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Иш киришүүдөн, төрт баптан, жети бөлүмдөн, корутундудан, практикалык сунуштардан жана библиографиядан турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертацинын темасынын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдети аныкталып, илимий изилдөөнүн жаңычылдыгы берилген, теориялык жана практикалык мааниси, коргоого сунушталуучу негизги жоболор аныкталган.

**«Кыргызстандагы тарыхчылардын илимий-педагогикалык кадрларын даярдоо проблемасынын тарыхнамасы (1932-1991-ж.)»** деген биринчи бапта маселенин тарыхнаамасынын тарыхый изилдөөсү жана тарыхый педагогикалык багыты советтик жана постсоветтик эки хронологиялык мезгилдин алкагында каралды.

Биринчи баптын **«Проблеманын совет мезгилиндеги тарыхнаамасы»** биринчи бөлүмүндө СССР менен Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын советтик парадигмасынын маселелерин методологиялык

жана практикалык көз караштан ачып берген окумуштуулардын көп сандагы илимий адабияттарындагы илимий-изилдөө мекемелеринин пайда болушу, тарыхый-педагогикалык, тарыхый-укуктук илимий жана педагогикалык тармактардагы кадрларды даярдоо маселеси каралган.

Тарых илиминин калыптануу жана өнүгүү тарыхы, советтик жогорку жана орто атайын окуу жайлары, илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жана аттестациялоо системасы А.С. Бутягин, Ю.А. Салтанов, С.И. Зиновьев, Б.М. Ременников, В.П. Елютин, Е.В. Чуткерашвили, К.Т. Галкина, Б.Д. Лебин, К.В. Гусев, Б.С. Розов, В.А. Семин, Э.М. Рудаков, Г.Д. Алексеев, Г.И. Желтова, А.С. Барсенков, А.В. Кольцов, В.С. Волков, М.Поповский жана башкалардын илимий эмгектеринде берилген.

Проблеманын тарыхнаамасынын экинчи тобу тарых илимин өнүктүрүүгө, жогорку билим алууга жана Кыргызстандагы тарыхчылардын илимий-педагогикалык кадрларын даярдоого арналган.

Бул топко Кыргызстандын илимин өнүктүрүүгө арналган эмгектер, академиялык жамааттык илимий эмгектер, жыйнактар кирет: «Наука в Киргизии за 20 лет. (1926-1946 гг.)», «Наука Киргизстана к юбилею Великого Октября: Юбилейная научная сессия, посвященная 50-летию Великой Октябрьской социалистической революции». Республиканын жогорку окуу жайларында тарых илиминин өнүгүшү К.Г. Каракеев, В.М. Петровецтин эмгектеринде каралган.

1960-жылдардан тарта тарыхый билим берүүнүн потенциалынын жогорулашы В.П. Шерстобитов, К.К. Орозалиев, Д.Ф. Винник, Б.Д. Джамгерчинов, С.И. Ильясов, С.Т. Табышалиев, В.М. Плоских, К.Г. Каракеев, В.М. Петровец, А.К. Каниметов, В. Я. Галицкий ж.б. эмгектеринде каралган жана ал тарых илиминин тарыхынын тарыхнаамасын кароого түрткү берген.

Маселенин тарыхнаамасынан тышкары, илим чөйрөсүндөгү кадр саясатын изилдөө, интеллигенциянын көрсөткүчтөрүнүн динамикасы Ж.С. Бактыгулов, Б.Султаналиев, С.А. Токтогонов, Э.Д. Маанаев, И.А. Соктоев, С.С. Данияров ж.б тарабынан каралган.

Кыргызстанда коомдук жана жогорку билим берүүнү калыптандыруу А.Е. Измаилов, М.Р. Балтабаев, А.Каниметов, Р.Р. Айнекенова, Э.Т. Усубалиев, И.А. Соктоев, Ж.Сагындыков, Б.М. Зима, Ш.Т. Эсенгараева ж.б. эмгектеринде изилдөөгө алынган.

Республикада жогорку жана атайын орто билим берүүнүн өнүгүшү Б.М. Алимова, Ч.Ш. Жакыпова жана А.К. Каниметовдордун диссертациялык иштеринде чагылдырылган.

1960-80-жылдардагы Кыргызстандын айрым жогорку окуу жайларынын тарыхы С.Т.Табышалиев, Р.Р. Айнекенов, Н.Х. Абдуазизованын эмгектеринде каралган. Совет мезгилиндеги тарых факультеттеринин тарыхчы-педагогдору Б.М. Зима, С Аттокуров жана Ж. Бактыгуловдун макалаларында берилген.

Тарыхчылардын илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо проблемасынын тарыхнаамасынын советтик мезгили жогорку билим берүү жана илимий кадрларды даярдоодогу актуалдуу маселелерин чагылдырган, ошол эле учурда совет мезгилиндеги идеологиялык көрсөтмө советтик тарыхнаамада жогорку билим берүү менен тарых илиминдеги реалдуу көйгөйлөрдү толук ачууга мүмкүндүк берген эмес.

Биринчи баптын экинчи бөлүмү **«Изилдөөнүн постсоветтик мезгилдеги тарыхнаамасы»** деп аталат. Биринчи топко советтик тарых илиминин жана СССРдеги жогорку тарыхый билим берүүнүн тарыхына байланышкан орус окумуштууларынын эмгектери кирет.

Постсоветтик тарыхнаама мезгилинде В. Лелчук, А. Я. Гуревич, А.А. Искандеров, Г.Д. Алексеева, Л.А. Сидорова, З. В. Лукашеня, Н.П. Цеховой жана А.И. Аврус сыяктуу изилдөөчүлөрдүн СССРдеги деидеологиялаштыруу менен байланышкан объективдүү мүнөздөгү, тең салмактуу баа берилген эмгектери жарык көргөн.

Маселенин тарыхнаамасынан тышкары, илим чөйрөсүндөгү кадр саясаты боюнча изилдөөлөр, интеллигенциянын көрсөткүчтөрүнүн динамикасы М.Р. Зезина, А.Г. Аллахвердяндын изилдөөлөрүндө каралган.

СССРдин бирдиктүү саясий жана билим берүү мейкиндигиндеги жогорку тарых билиминин өнүгүшүнө салыштырмалуу талдоо жазашкан, О.В. Гришаев, К.А. Ушмаева, А.Н. Терехов, А.В. Хорошенкова, Я.В. Кулакова, Д.В. Хаминов, Н.П. Цехова жана З.К. Ногаева ж.б. Россия менен Казакстандын окумуштууларынын диссертациялык деңгээлиндеги изилдөөлөрү кызыктырат.

Постсоветтик тарыхнаамадагы эмгектердин экинчи тобуна тарыхчылардын илимий-педагогикалык кадрларын даярдоо проблемасы боюнча тарых илимине, жогорку билим берүү тарыхына, тарых билимине, Кыргызстандын тарых илими тармагындагы илимий интеллигенцияга арналган эмгектер кирет.

Эгемендикке ээ болуу менен изилдөөлөрдүн методологиялык базасы кеңейип, тарых илиминин тарыхнаамасынын маселелерине Ж.Ж. Жакыпбеков, Т.И. Старусева, К.Г. Каракеев, А.Жапаров жана Ж.А. Дүйшеевдин илимий эмгектери арналган.

Жогорку билим берүүнүн ар кыл аспектилери жана интеллигенциянын калыптанышы Э.Маанаев, С.Токтогонов, Т.Ф. Черноус, Ч.Ш. Жакыпова, А.Ч. Какеев, Ж.С. Бактыгулов, О.Ж. Осмонов, К.Айдаркул, З.Курманов, Г.Курумбаева, Ж.Д. Самиева, Ш.Ж. Жусенбаев ж.б. окумуштуулардын изилдөө иштеринин предмети болгон.

Постсоветтик мезгилде жогорку билим берүүнүн жана илимдин актуалдуу маселелери А.Т. Жанакеева, Э.А. Бейшенбиев, Э.Хоролец, Б.Э. Кеңешбекова, Г.Ж. Джунушалиева, Г.Д. Курумбаева, Т.Ф. Черноус ж.б. илимий изилдөөлөрүндө карашкан.

Жогорку окуу жайларынын тарыхынын маселелерин В.М. Петровец, А.С. Сраждинов, И.М. Скляр, С.Токтомышев, А.Ч. Какеев жана С.А.

Токтогонов сыяктуу белгилүү окумуштуулар менен окуу жайлардын жетекчилеринин эмгектеринде чагылдырылган.

Советтик Кыргызстандын тарых факультеттеринин тарыхы Т.Н. Өмүрбеков, Ж.Бактыгулов, Т.Ж. Жоробеков, Н.Ш. Кадыралиева ж.б. чакан китепчелери менен макалаларында берилген.

СССР тарагандан кийин интеллигенция менен окумуштуулар Ү.А. Асанов, А.З. Жуманазаров, Т.К. Чоротегин, К Бектурганова жана В Воропаеванын изилдөө иштеринин объектиси болгон. Эмгектердин бул тобуна Б.Дж.Джамгерчинов, А.Хасанов, С.Ильясов, С.Т. Табышалиев, Ж.С. Бактыгулов, С.Т. Аттокуров, Т.Мурзабеков, К.Мамбеталиева, Б.М. Зима, А.Каниметов, Р.Дооронбекова, О.Л. Вайнштейн, Б Элебаев ж.б. тарыхчылардын педагогикалык жана илимий ишмердүүлүгүн чагылдырган конференциянын материалдары жана мезгилдүү басылмалардагы макалалары кирет.

Акыркы жылдары Р.Ж. Усенова, И.Н. Грандин, Г.Эсеналиева айрым тарыхчылардын өмүрү менен чыгармачылыгына арналган диссертациялык изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн.

Тарыхый изилдөө советтик жана кыргыз илимпоздору Кыргызстандын жогорку билимин жана илимин өнүктүрүүнүн негизги көйгөйлөрүн чагылдыруу үчүн көп иштерди аткарганын көрсөтөт.

Жалпысынан алганда, тарых нааманын анализи көрсөткөндөй, Кыргызстанда тарых билимин өнүктүрүү проблемасы атайын изилденген эмес, диссертациялык изилдөөнүн предмети болгон эмес.

Тарыхнаамалык анализдин мааниси жаңы проблемаларды коюуга, маселенин жаңы аспектилерин аныктоого, советтик мезгилде Кыргызстанда тарых билимин өнүктүрүү проблемасын негиздөөгө жана көрүүгө кеңири мейкиндикти ачат.

**«Кыргызстандын тарыхый билим берүү тарыхын изилдөөнүн булактары, материалдары жана методдору»** деген экинчи бапта маалыматты сактоонун өзгөчөлүктөрү, изилдөө ыкмаларын колдонуу жана маалымат мүмкүнчүлүктөрү жана байлыгы боюнча илимий чөйрөгө кирген тарыхый булактар болуп төрт топко бөлүнөт.

*Булактардын биринчи тобу* партиялык жана мамлекеттик жогорку органдардын жарыяланган документтеринен - КПСС Борбордук Комитетинин жана СССР Министрлер Советинин чечимдеринен турат. Булактардын бул тобунун маанилүү бөлүгүн съезддердин материалдары жана Коммунисттик партиянын программалык документтери түзөт. КПСС Борбордук Комитетинин съезддеринин, конференцияларынын жана пленумдарынын токтомдорунда жана чечимдеринде.

Жарлыктар жана нускамалык каттар түрүндөгү укуктук база, архивдик документтер электрондук булактарда, интернет архивдеринде да берилет (1917-1992) (сайт http://www.libussr.ru/).

Изилдөөнүн ченемдик укуктук базасын түзгөн документтер «Высшая школа. Основные постановления, приказы и инструкции», «Народное

образование в СССР в 1917-1973 гг.», «Народное образование в СССР. Сборник нормативных актов», «Собрание законов Киргизской Советской Социалистической республики, Указы Президиума Верховного Совета и постановления Правительства Киргизской ССР»; «Культурное строительство в Киргизии 1930-1941 гг.» ж.б.у.с. жыйнактарда берилген.

*Булактардын экинчи тобу* республиканын борбордук, жергиликтүү жана учурдагы архивдеринен чогултулган материалдардан турган. Алар Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Архивинин (КР МА), Кыргыз Республикасынын Коомдук-саясий документтеринин борбордук мамлекеттик архивинин (КР КСДБА), Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Архивинен алынган. Изилдөөгө 1930 –жылдарынан 1991 -жылга чейинки хронологиялык мезгилди камтыган 20га жакын фонддун материалдары колдонулган.

КР КСДБАдан 1937-191-жж. ВКП(б)нын Киргобкомунун буюросунун (ф.10), Кыргызстан КП БКнын (ф. 56), Кыргыз Республикасынын Министрлер Советинин (ф.643), Комсомолдук уюмдун (ф. 391), Кыргыз ССРинин Эл агартуу министрлиги 1931-1986-жж. (ф. 471), Кыргыз ССРинин жогорку билим берүү министрлигинин 1931-1986-жж. (ф. 4446) фонддору изилденген.

Кыргызстандын алдыңкы жогорку окуу жайларынын партиялык комитеттери менен уюмдарынын фондулары бир кыйла кызыгууну туудурат: Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун жана Кыргыз мамлекеттик университетинин (КМУ) партиялык бюросунун фондусу (ф. 474), КМУнун Бүткүл союздук Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзунун фондусу (ф. 1497), В.В.Маяковский ат. Кыз-келиндер педагогикалык институтунун партиялык уюумунун фонду (ф.1119), Пржевальск педагогикалык инититутунун партиялык уюумунун фонду (ф. 2382).

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик борбордук архивинде республикада жогорку билимдин түзүлүшүнүн жана жайылышынын тарыхы боюнча материалдар топтолгон. Эл комиссарлар советинин (ф.23), Кыргыз АССР Эл агартуу комиссариатынын (ф.688) жана Элге билим берүү министерствосунун 1946-1979-жылдардагы (ф.1725) фондорунда мамлекеттердин органдарынын ишмердүүлүгү жөнүндөгү документтер топтолгон.

КР БМАнын фонддорундагы материалдар айрым университеттердин жана педагогикалык институттардын иши жөнүндө фактыларды камтыйт. Айрыкча Кыргыз мамлекеттик университетинин (ф.869), В.В.Маяковскай атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтунун (ф.2599) фондору өзгөчө көңүлдү бурат.

КР БМАдагы Кырг. ССРинин Улуттук статистикалык комитетинин (ф.105) жана Республикалык стат башкармалыгынын эсептөө борборунун (ф.1482) фонддорунда камтылган материалдар советтик мезгилдеги республиканын ЖОЖдорунун тарых факультеттеринин студенттеринин жана

аспиранттарынын контингентиндеги сандык өзгөрүүлөрдүн динамикасын талдоо мүмкүнчүлүк түздү.

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Архивинин Ф.869 фонду университеттин тарых факультеттеринин профессордук-окутуучулар курамын түзүмүн, окутуучулардын квалификациясын жана илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүн кароого мүмкүндүк берди. Натыйжада КМПИ, КМУнун тарых факультеттеринин 34 кызматкерлеринин өзүк делосу изилдөөгө алынды.

Жогоруда белгиленгендей диссертациянын көп кырдуу архивдик бай материалдардан түзүлгөн тарыхый булактык базасы илимий айлампага биринчи жолу киргизилгендигин ырастоого мүмкүндүк берет. Белгиленген архивдик документтер 1932-1991-жылдардагы Кыргызстанда тарыхчылардын илимий-педагогикалык кадрларын даярдоо маселелерин изилдөө үчүн негизги булак болуп кызмат кылды.

*Булактардын үчүнчү тобун* статистикалык материалдар түзөт. Статистикалык булактардын базасына: Эл чарбасы цифрада, эл чарба ишмерлери, маданий курулуш, элге билим берүү, жогорку билим жана маданият ишмерлери СССРдин жана Кыргыз ССРинин цифраларында: «Достижения Советской власти за 40 лет в цифрах»; «Страна советов за 50 лет», «СССР в цифрах» (1958 г., 1963 г., 1981 г., 1985 г., 1987г.), «СССР и страны мира в цифрах» (2015 г., 2020 г.), «Культурное строительство СССР. Статистический сборник», «Народное образование и культура в СССР», «Народное образование КССР. Краткий статистический сборник», «Высшее и среднее специальное образование в КССР. Статистический сборник» ж.б. кирет.

*Булактардын төртүнчү тобуна* ЖОЖдордун тарых факультеттеринин ишмердүүлүгүн, айрым окумуштуулар менен тарыхый билимдерди өнүктүрүү, өркүндөтүү, изилдөө жана жайылтуу маселелерин үзүлтүксүз чагылдырып көтөргөн мезгилдүү жана сериялык тематикалык басылмалар кирет. Бул басылмаларга: «Исторический журнал», «Вопросы истории», «Вестник АН СССР», «Труды исторического факультета» и «История и историки» кирет.

Булактардын өзүнчө топтору тарых факультетинин окутуучулары менен маектерди түзүштү (М.Б.Жамгерчинов, Т.Ж. Жоробеков, З.Э. Эралиев, С.У. Узбеков, Ж.К. Момбекова, М.И. Москалев ж.б.), ошондой эле В.Ф.Шеликенин интернеттеги блогу (электрондук күндөлүк – жек булак). Булактын ар бир түрүнүн бир катар артыкчылыктары жана кемчиликтери бар, атап айтканда, бул илимий мекемелердин отчетторун схемалык түрдө көрсөтүү, ошол эле документтердеги сандык көрсөткүчтөрдүн дал келбеши. Мына ушунун бардыгы аларга сын көз караштa, ар түрдүү деңгээлдеги документалдык материалдарды салыштырууну талап кылды. Негизинен, каралган ар түрдүү тарыхый булактарга мүнөздөмө берилди.

**Изилдөонүн объектиси** – 1932-1991-жылдардагы Кыргызстандагы жогорку жана жогорку окуу жайдан кийинки тарыхый билим берүү.

**Изилдөөнүн предмети** болуп Кыргызстандагы 1932-1991-жылдардагы жогорку тарыхый билим берүүнүн, илимий-педагогикалык тарыхчы кадрларды даярдоо системасынын калыптанышы жана өнүгүшүнүн шарттары, тенденциялары жана мыйзамченемдүүлүктөру эсептелет.

Диссертациянын методологиялык негизин жогорку тарых билиминин аналогиясын, илимий-педагогикалык тарыхчы адистерди даярдоону изилдөөдө историзим, илимий объективдүүлүк, системалуулук принциптери түздү.

Изилдөө темасы менен иштөөдө методдордун эки негизги тобу колдонулган: жалпы илимий жана жалпы тарыхый. Индукция, дедукция, анализ, синтез, абстракция, салыштыруу жана критикалык анализ сыяктуу жалпы илимий методдор колдонулду.

Изилдөөнүн жүрүшүндө атайын тарыхый ыкмалар колдонулган: тарыхый-генетикалык, проблемалык-хронологиялык методдор, тарыхый-системалык, структуралык-функционалдык анализ, тарыхый-салыштырмалуу, тарыхый-биографиялык метод, тарыхый-маданий ыкма, тарыхый-институттук мамиле жана микросоциалдык ыкмалар.

**«Жогорку окуу жай системасында тарыхчыларды даярдоонун калыптанышы»** деп аталган үчүнчү бап эки бөлүмдөн турат. **«Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун жогорку тарых билимин берүүдөгү ролу»** деп аталган биричи бөлүмдө КМПИнин Кыргызстанда тарых билимин уюштуруу маселеси жана аны 1951-жылга чейинки өнүктүрүүдөгү шарттары каралган.

1932 - жылы Кыргыз мамлекеттик институтунда тарых факультетинин ачылышы менен илимий-педагогикалык тарыхчы адистердин массалык түрдө даярдоо жолго коюлган. КМПИни уюштуруу учурунда институтта 8 мугалим иштеген, биринчи тарыхчылар жалпы тарых боюнча кенже доцент И.К.Митрофанов жана СССР элдеринин тарыхы боюнча доцент А.П. Чижов иштешкен.

1934-1935-окуу жылынын башында КМПИнин жалгыз жалпы коомдук илимдер кафедрасына Москва шаарынан жаш тарыхчы адистер келишкен: 1935-ж. Г.Г.Куранов, А.Г.Зима, Б.М.Зима, Я.А.Чубуков, Г.Т.Зайцев ж.б.

1936-жылы КМПИ биринчи бүтүрүүчүлөрүн чыгарган. Жогорку профессионалдык тарых билиминин дипломун 9 киши алган. Тарых факультетинин бүтүрүүчүлөрүнүн ичинен Б.Д.Джамгерчинов, А.Омурзаков, Дж.Тилегенов, А.Джолдошева, Е.В.Кутарева, А.Х.Хасанов, С.Ильясов жана Б.Элебаев алгач окутуучу болуп калышкан.

Жогорку тарых билиминин өнүгүшүнө институттун иштей баштагандан тартып, профессордук-окутуучулук курамдын калыптанышында, 1930 -жылдары коомдун массалык саясатташуусунда жана университеттердин идеологиялык көзөмөлүндө кыйынчылыктарга дуушар болгону таасир эткен. Элге билим берүү комиссариатында партиялык чогулуштар өткөрүлүп, анда КМПИнин мугалимдерин троцкисттерге, Худайкуловчуларга тартылуулуу маселелери каралган.

1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы менен КМПИ Пржевальск шаарына көчүрүлгөн. Улуу Ата Мекендик согуштун фронтторунда тарыхчылардын мугалимдер жана студенттер катышышкан: Б.М. Зима, А.Х. Хасанов, Г.Г. Куранов, А.А. Арзыматов, Г.Т. Зайцев, Ю.Г. Федоров, А. Худайбергенов ж.б.

Согуш жылдарында тарых кафедрасын белгилүү тарыхчы профессор В.Д. Преображенский жетектеген, тарых факультетинин деканынын милдетин 1941-жылы Б.М.Зима, 1942-1943-жж. Б.Джамгерчинов жана 1943-1944-жж. С. Ильясов аткарган. Мугалимдер коллективи жана студенттер лектор, пропагандист, агитатор болуп калк арасында коомдук-саясий чоң иштерди жүргүзүшкөн. Согуш аяктагандан кийин КМПИ Пржевальск шаарынан Фрунзе шаарына көчүрүлгөн, андан кийин Жогорку окуу жай министерствосунун багыттамасы боюнча тарых факультети жаңы профессордук-окутуучу адистер менен толуктоо жүргүзүлгөн.

КМПИнин тарых факультетинин профессордук-окутуучу курамын төмөнкү үч топко топтоого болот:

Биринчи топко Эл агартуу комиссариатынын путевкасы боюнча КМПИге жиберилген мугалимдер кирет. Булар Г.Г. Куранов, А.Г. Зима, Б.М. Зима, Я.А. Чубуков, Г.Т. Зайцев, А.А. Алиев, З.Л. Амитин-Шапиро, В.М. Петровец, В.Ф. Шелике, И.М. Скляр, А.А. Чукубаев ж.б.

Экинчи топтогу мугалимдер тарых факультетинин бүтүрүүчүлөрү: Б.Д. Джамгерчинов, А.Х. Хасанов, С.Ильясов, Б.Элебаев, А.Жолдошева, Э.В. Кутарева, Х.М. Мусин, С.Т. Табышалиев жана А.Арзыматов.

Үчүнчү топ штаттан тышкаркы С.М. Абрамзон, А.Н. Бернштам, И.К. Додонов, М.П. Вяткин ж.б. мугалимдерден турган.

КМПИ 1938-1951-жж. жогорку билимдүү 2644 адисти, анын ичинде 581 тарыхчыны даярдаган. Тарыхчылардын окуу пландарына өзгөртүүлөр киргизилип турган (1940-ж., 1941-ж., 1947-ж., 1948-ж., 1949-ж.), өзгөртүүлөрдө тарыхый билим берүүдөгү окутуунун максаттары, мазмуну жана методдору жаңы саясий көрсөтмөлөргө ылайыкталып өзгөртүлгөн.

Октябрь революциясынан кийин бүткүл өлкө боюнча тарыхый билимдин негиздеринин трансформациясы саясий мамилелер, идеологиялык курс менен аныкталып ишке ашкан. 1932-1951-жж. Кыргызстанда тарыхчы кадрларды даярдоонун башталышы квалификациялуу педагогикалык кадрлардын жана студенттердин жетишсиздиги, көптөгөн көрүнүктүү ишмерлерге жана мугалимдерге моралдык жана физикалык репрессиялоо, коомду саясатташтыруу, согуштун оор сыноолору менен байланыштуу болгон. Тарыхый билим берүүнүн өнүгүшүндөгү согуштан кийинки мезгилдин карама-каршылыктуу мүнөзү, бир жагынан катуу идеологиялаштырууга дуушар болгондугу менен, экинчи жагынан, жаштар арасында популярдуулукка ээ болгон. 1917-жылга чейин бир дагы жогорку окуу жайы болбогон Кыргызстанда 1932-1951-жылдары тарых билиминин пайдубалы КМПИ - биринчи жогорку окуу жайында түптөлгөн.

**«1939 – 1969-жж. республиканын жогорку окуу жайларында тарых факультеттеринин ачылышы жана ишмердүүлүгү»** деген үчүнчү главанын экинчи бөлүмүндө аймактагы жогорку окуу жайлардагы тарыхый билим берүүнүн өзгөчөлүктөрү талдоого алынган. Тарыхчыларды бир гана КМПИде даярдоо республиканы квалификациялуу тарыхчы адистер менен камсыз кыла алган эмес. Тарых билиминин кеңейишине педагогикалык адистердин жетишсиздиги себеп болгон.

1939-жылы Кыргыз ССРинин түштүгүндөгү Ош шаарында тарых факультети бар эки жылдык мугалимдер институту ачылган. Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы менен Оштогу мугалимдер институту эвакуацияланган Ростов мамлекеттик университети менен бириктирилген. РМУ 1944 -жылдын 2 -майында кайра Ростовго көчүрүлгөн жана жалпы тарых, СССРдин тарыхы эки кафедрасы бар ОшМИнин тарых факультети калбына келтирилген. Анда Я.Г.Рубин, Я.Кобел, Игликов, Айнабеков ж.б. окутуучулар ишкешкен.

1951-жылы 1-августта тарых-филология факультети бар ОшМИ Ош мамлекеттик педагогикалык институту болуп түзүлгөн. 1960-жылдары ОшМИнин тарых факультетин Ж.А.Алтымышбаев жетектеген, ал эми кафедрада И.Г.Гришков, В.Ф. Шелике, А.И.Кац, З.Э.Эралиев, О.К.Кулатов, С.Жеембекв жана А.Сейфуллина иштешкен. 1969-жылы ОшПИде тарыхчыларды даярдоо токтотулуп, алар КМУнун тарых факультетинин тиешелүү курстарына которулган.

Тарыхчы илимий-педагогикалык кадрлар В.В.Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунда даярдалган. 1944-жылы Улуу Ата Мекендик согуш учурунда Фрунзеде Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык окуу жайы (училища) уюштурулган. 1952-жылы ал Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык окуу жайы Кыргыз кыз-келиндер мугалимдер институтуна, кийин курамында тарых факультети бар В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институту болуп өзгөртүлгөн. Бул институттун пайда болушу тарыхчылардын арасында кыз-келиндердин санын өсүшүнө алып келген. КККПИ 1958-1959-жж. баштап кыргыз тили жана тарых адистиктерине студенттерди кабыл алууну токтоткон. 1962-жылы акыркы 24 бүтүрүүчү тарых адистиги боюнча диплом алышкан.

Пржевальск мугалимдер институту 1940-жылы ачылып, эки жылдык программа боюнча тарыхчыларды даярдаган. Пржевальск мугалимдер институтунун базасында 1953-жылы Пржевальск мамлекеттик педагогикалык институту ачылган. Аны 1954-жылы 29 тарыхчы бүтүргөн, андан кийин институт тарыхчылардын педагогикалык кадрларын даярдоону токтоткон. Пржевальск педагогикалык институтунун бүтүрүүчүлөрүнүн катарында белгилүү тарыхчы окумуштуулар Дж.Джунушалиев, Э.Дж.Маанаев болушкан.

1950-1951-жылдары Жалал-Абад мугалимдер институтунда тарых адистиги боюнча 22 студент даярдалган. 1950 -жылы октябрда тарых жана филология факультети бар Фрунзедеги мугалимдерди сырттан окутуу

институту ачылган. Фрунзедеги сырттан окуган мугалимдер институтунда тарыхчыларды даярдоо 1956-жылга чейин жүргүзүлүп келген. 1951-жылы 14-июлда КМПИнин кечки бөлүмүнүн базасында Фрунзе шаарында Кыргыз мамлекеттик сырттан окуу педагогикалык институту түзүлгөн. 1959-жылы студенттердин контингентин КМУнун жана Ош педагогикалык институтунун сырттан окуу бөлүмдөрүнө которуу менен Фрунзедеги сырттан окуу педагогикалык институту жоюлган.

1940-1960-жж. Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн кеңейиши белгилүү, натыйжада ар бир аймак өзүнүн иш жүргүүзүүсүндө педагогикалык окуу борборун түзгөн. Мамлекет тарабынан бүтүрүүчүлөрдүн санына басым жасалган. Аймактык ЖОЖдор педагогикалык кадрларды даярдоого өз салымын кошуп, мектептердеги мугалимдердин жана тарых мугалимдеринин жетишсиздигин чечүүгө салым кошуп, мугалимдеринин жетишсиздиги көйгөйүнүн курчтугун жоюуга мүмкүндүк түзгөн. Натыйжада, педагогикалык институттардын тарых факультеттери жабылып, тарыхчы адистиктерди даярдоо Кыргыз мамлекеттик университетине топтолгон.

Үчүнчү баптын **«1951-1991-жж. Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетинде илимий-педагогикалык тарыхчы адистерин даярдоо»** деп аталган үчүнчү бөлүмүндө КМУнун тарых адистиги боюнча билим берүүнүн структурасы менен мазмуну, профессордук-окутуучулук курамдын калыптануу шарттары каралган.

1951 -жылы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту Кыргыз мамлекеттик университети (КМУ) болуп өзгөртүлгөн. Бул тарых факультетинин кеңейишине жана өркүндөтүлүшүнө шарт түзгөн.

Жогорку тарыхый билим «идеологиялык фронттун» кадрларын – партиялык, комсомолдук, профсоюздук жана башка кызматкерлер менен камсыз кылууда коом тарабынан талап кылынган.

1954-жылы тарых факультетинде юриспруденция бөлүмү түзүлгөн. Натыйжада, тарых жана юридика факультети түзүлүп, ал 1958-1965-жж. иштеген. 1961-жылы Кыргызстандын тарыхы кафедрасы ачылган. 1969-жылы тарых факультетинде тарыхты жана коомдук илимдерди окутуунун методикасы кафедрасы ачылган. Тарых факультетинин эң эски кафедраларынын бири болгон Жалпы тарых кафедрасы (1938-ж.) 1977-жылы сентябрда эки жаңы кафедрага: Байыркы дүйнө жана орто кылымдар тарыхы жана Жаңы жана соңку жаңы тарых кафедрасына бөлүнгөн. 1978-жылы КМУнун тарых факультетинде археология жана этнография кафедрасы ачылган. 1984-жылы СССР тарыхы кафедрасы: СССРдин совет мезгилине чейинки тарыхы жана СССРдин совет мезгилинин тарыхы кафедраларына бөлүнгөн. КМУнун тарых факультетинин кафедраларын Б.Д.Джамгерчинов, О.Л.Вайнштейн, А.А.Арзыматов, В.В. Липович, С.А.Аттокуров, Х.М.Мусин, М.Д.Джамгерчинов, Б.Ч.Чокушев, А.Р.Рыскулов, З.Э.Эралиев, А.М.Мокеев, Т.К.Чороев, Ж.Адильбаев, Д.Е.Егемназаров, Ч.Ш.Жакыпова башкарып келишкен.

Кайра куруу саясаты, демократияны жана айкындыкты өнүктүрүү тарыхка, өткөн окуяларга коомчулуктун зор кызыгуусун жаратып, тарыхый билимдин социалдык ролун жогорулаткан. 1989-жылы сентябрда факультетте Кыргыз Республикасынын тарыхы боюнча университет аралык кафедра түзүлгөн.

Тарых факультети 1991-ж. карата Кыргызстандагы тарыхчыларды даярдоочу жалгыз борбор болгон жана ал 8 кафедрадан, 2 методикалык кабинеттен жана 1 музейден турган. 1936-жылдан 1991-жылга чейин тарых факультети 5000ден ашык студенттерди даярдай алган.

КМУнун тарых факультетинин окуу пландары кесиптик даярдыкты күчөтүү багытында өзгөртүлгөн. 1960-жылдардан баштап студенттер педагогикалык, архивдик, музейдик, археологиялык, этнографиялык, пионердик жана дипломго чейинки практикадан өткөн. Совет мезгилинде жогорку окуу жайлардын тарых факультеттеринин студенттерине идеялык - саясий тарбия берүү коммунисттик тарбиялоонун илимий негизиндеги татаал система катары көрсөтүлгөн.

1980 -жылдардын аягында билим берүүдө демифология жүргөн. 1989 - жылы июнда Кыргызстандын жаш тарыхчыларынын ассоциациясы түзүлгөн. КМУнун тарых факультетинин көптөгөн кызматкерлери жана студенттери ассоциацияга, Ашар кыймылына (1989), Кыргызстан Демократиялык Кыймылына (1990-ж. Май) мүчө болушкан, жана алар 1990-жылдары демократияны колдогон саясий демонстрацияларга, архивдик материалдар борбор калаанын атын Бишкекке ыйгарууга катышкан.

1970-1990-жылдары КМУнун тарых факультети республиканын бүтүндөй тарыхый билим берүү тармагынын өкүлү болгон. Бул факультеттин структурасына таасирин тийгизип, бүтүндөй республика үчүн тарыхый кадрларды даярдаган эң чоң факультеттердин бирине айланган.

Жогорку тарых билими «идеологиялык фронтту» кадрлар менен камсыз кылуунун борборуна айланган. Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин төрагалык кызматы тарыхчыларга ишеним менен берилген: Курмангали Каракеев (1955-1956-жж.); Б.Д.Джамгерчинов (1971-1975-жж.); С.Т.Тбышалиев (1975-1980-жж.). Кыргыз ССРинин жогорку билим берүү министри болуп С.А.Токтогонов (1951-1955-жж.), А.К.Каниметов (1962-1977-жж.) иштешкен.

Тарых факультетинин бүтүрүүчүлөрүнүн арасында оор атлетика боюнча 1980-ж. Олимпияда оюунун жеңиүүчүсү, дүйнөнүн төрт, Европанын эки жолку чемпиону К. Осмоналиев бар.

Жогорку тарых билими, бардык советтик жогорку билимдер сыяктуу эле, фундаменталдуу негиздерге ээ болгону талашсыз. 1970-1980-жылдардагы жетишкендиктердин өсүшү боюнча СССР билим берүүнүн деңгээли жана сапаты боюнча дүйнөдө алдыңкы орундарды ээледи.

**«Илимий-педагогикалык тарыхчы кадрларды даярдоо системасынын калыптанышы жана өнүгүшү»** деп аталган төртүнчү бап эки бөлүмдөн турат. **«1938-1953-жылдары илимий кадрларды даярдоо**

**системасынын калыптанышы»** аттуу баптын биринчи бөлүмүндө 1930-1950-жылдардагы Кыргызстанда дипломдон кийинки жогорку квалификациялуу тарыхчы илимпоздорду даярдоо системасынын калыптануусу каралган.

Кыргызстанда илимий кадрларды даярдоо 1938 -жылы КМПИде аспирантура бөлүмү ачылган күндөн башталат. Аспиранттардын илимий жетекчилери – советтик көрүнүктүү тарыхчылар, СССР илимдер академиясынын академиктери А. Панкратова, М.В. Нечкина, М.П. Ким, профессор П.М. Вяткин, И.К. Додонов, Г.Г. Куранов, А.Н. Бернштам ж.б. болушкан.

1943-жылы августта СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филалынын ачылышы менен СССРдин КирФАНында тарых, этнография жана археология адистиктери боюнча илимий тарыхчы кадрларды даярдоо башталган (1944-1945).

Илим катары профессионалдык жактан алганда, Кыргызстанда тарых илиминин советтик мезгилде изилдене баштаган жана ал догматизацияланган марксизмдин катуу көзөмөлүндө болгон жана ал тарабынан тааңууланган бирден бир формациялык методдо жүргүзүлгөн.

1935-1941-жылдары КМПИнин окутуучулары республиканын тарыхы боюнча чогултулган материалдардын негизиндеги изилдөөлөрдү башташып, натыйжада өзүнчө очерктерди, документтик жыйнактарды жана республиканын тарыхы боюнча эмгектерди, изилдөөлөрдү басылып чыгарышкан: «ЦК ВКП (б) и Союзное правительство о Киргизии» (1937 г.); «Культура и искусство кыргызского народа» (1939 г.) документтердин жыйнактары; «XV лет Киргизской ССР» (1941 г.) жыйнак. Согуштан кийинки жылдары илимий иштердин тематикасы кеңейген жана «20 лет со дня образования КССР», «Киргизия за 30 лет советской власти», «25 лет Киргизской ССР» жыйнактарынын, «Наука в Киргизии за 20 лет» деп аталган республиканын окумуштууларынын коллективдүү эмгектеринин чыгышына түрткү болгон. Мындай коллективдик эмгектер илимий изилдөөлөрдүн корутундусун чыгарган жана тарыхчылардын илимий мектебинин калыптануу процессинин жыйынтыктап, түзгөн.

«Зведа» жана «Ленинград» журналдары жөнүндөгү ВКП(б) БК токтому (1946-ж.) чыккандан кийин тарых илиминин бардык фронттунда «буржуазиялык улутчулдарга» каршы идеологиялык күрөш башталган. Саясий сынга Б.Д.Джамгерчинов, А.Н.Бернштам, С.М.Абрамзон, В.Е. Кутарева, З.Л. Амитин-Шапиро ж.б. тарыхчылар кабылган. Бул мезгил тарыхчыларды саясий репрессиялоонун туу чокусу болгон.

СССРдин КГПИ жана КирФАНнын аспиранттары менен окумуштууларынын илимий изилдөө иштери тарых илиминин областындагы тарыхый мектептин, илимий багытын калыптанышына алып келген. КМПИ жана КирФАНдын тарыхчыларынын көңүлү XIX к. – XX к башындагы, XIX к. – XX к-дын 20-жылдарындагы советтик мезгилдеги Кыргызстандын тарыхына багытталган.

Бул маселелерди системалуу түрдө изилдөө иштери жаш окумуштуулардын пландуу илимий иштери, кандидаттык диссертациялары менен башталган: 1941-ж. Ю.Г.Феодоров, 1941-ж. А.Х.Хасанов, 1943-ж. Б.Д.Джамгерчинов, 1943-ж. Я.А.Чубаков, 1945-ж. А.Г. Зима, 1945-ж. С.Ильясов, 1946-ж. В.Е.Кутарева, 1947-ж. Б.Элебаева, 1947-ж. Д.М.Меджитов, 1948-ж. Б.М.Зима, 1948-ж. В.М. Петровец, 1949-ж. В.В.Липович, КирФАНдын аспиранттары 1950-ж. Н.А. Кибиров, 1951-ж. А.Ф.Бурковский, 1951-ж. Х.М.Мусин, 1951-ж. А.Ф.Лачко, 1951-ж. С.Т.Табышалиев диссертацияларын жактаган.

Жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоонун кийинки этабы 1937-жылы – докторантураны уюштурулушу менен коштолгон. 1951 -жылы Б. Жамгерчинов «Түндүк Кыргызстандын Россияга кошулушу» деген темада Кыргызстанда тарых илимдери боюнча биринчи докторлук диссертациясын жактаган. Кийин Б.Д. Жамгерчинов XIX кылымдагы кыргыздардын тарыхынын проблемаларын изилдеген республиканын тарыхчыларынын илимий мектебинин негиздөөчүсү жана жетекчиси болгон.

КМПИ жана СССРдин КирФАНнын аспирантурасында 10 жыл аралыгында тарых илимдеринин 16 кандидаты жана 1 доктору даярдалып, Кыргызстандын тарых илими чөйрөсүндөгү илимий интеллигенциясынын калыптанышынын негизин түзгөн.

Тарыхчы илимий изилдөөчүлөрдү даярдоо системасынын өнгүүсүнүн биринчи этабы КМПИде согушка чейинки жана согуштан кийинки жылдарды камтыган жана илимий изилдөөлөрдүн жаңы кезеги башталып, анын көп кырдуу илимий иштеринин биринчи багыттары көрсөтүлгөн мезгил болгон.

Төртүнчү главанын **«1954-1991-жж. Кыргызстанда илимий тарыхчы кадрларды даярдоо жана аттестациялоо системасы»** деген экинчи бөлүмүндө 1950-1991-жылдардагы тарыхчы илимий изилдөөчү адистердин даярдоо системасынын эволюциясы талдоого арналган.

Илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо системасын өнүктүрүүнүн кийинки этабы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтун Кыргыз мамлекеттик университети (1951) жана СССРдин КиргФАНынын Кыргыз ССР Илимдер академиясы (1954) болуп кайра түзүлүшү менен байланышта. Аспирантура институттун өркүндөтүү илимий кадрлар жаатындагы мамлекеттик саясаттын органикалык компоненти болуу менен ал өзгөрүүсүз калган эмес жана согуштан кийинки коомдун өнүгүүсүнүн ар кандай этаптарында директивалуу түрдө оңдолгон (1952-ж., 1956-ж., 1960-ж., 1961-ж., 1967-ж. 1975-ж., 1979-ж., 1980-ж., 1989-ж.).

1950-1960-жылдары аспирантурага карата жүргүзүлгөн мамлекеттик саясатты аспирантуранын тездик менен көтөрүлүүчү приоритеттүү саясаты деп атаса болот, ал эми 1970-80-жж. аспирантуранын өнүгүүсүнө «чектөөлөр» киргизген. 1980-жылдары тарых адистиги боюнча КМУнун күндүзгү аспирантурасынын жабылышы менен сырттан окуган

аспиранттардын санынын бир кыйла көбөйүшү чектөөчү фактор болгон. Мамлекет адистерди даярдоо стипендиядан үнөмдөгөн.

1960-жылдардан баштап илимдин доктору, кандидаттарын даярдоого академик, т.и.д., профессор Б.Д.Джамгерсчинов, мүчө-корр., т.и.д., профессор А.Х.Хасанов, т.и.д., проф. С.Т.Табышалиев, д.и.д., проф. К.Усөнбаев, т.и.д., проф. А.А.Чукубаев, т.и.д., проф. Б.Ч.Чокушев, т.и.д., проф. С.А.Аттокуов, т.и.д., проф. Дж.С.Бактыгулов, Э.Ж.Маанаев ж.б. чоң салым кошушкан.

1950—1990-жылдарда жогорку окуу жайларынын жана Кыргыз ССР илимдер академиясынын тарыхчы илимий-педагогикалык кадрларын даярдоо системасын андан ары өнүгүп, Кыргызстандын тарыхындагы маселелердин төмөнкү багыттар боюнча изилдөө иштери жүргүзүлгөн: өнөр жай; коллективдештирүү; улуттук-мамлекеттик түзүлүшү; 1920—1930-жылдарда маданияттын жана интеллигенциянын өнүгүшү; Улуу Ата Мекендик согуштун тарыхын изилдөө; Кыргызстандын Россияга кошулушу; этнография, байыркы жана орто кылымдардын тарыхы ж.б.

1970-1991-жылдары илимий-изилдөө иштеринин олуттуу бөлүгү төмөнкү маселелерге арналган: өнөр жайдын өнүгүшү; колхоздук дыйкандардын классынын түзүлүшү (33%); илимдин, маданияттын өнүгүшү, маданий эстеликтердин тарыхы (25%); XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы Кыргызстандын тарыхы жана маданияты; комсомол уюмунун тарыхы, Улуу Ата Мекендик согуштун, орто кылымдын тарыхы жана археология (8%). Диссертациялык изилдөөнүн темасы жалпысынан Кыргызстандын тарыхын изилдөөгө багытталган (53% «СССР тарыхы» адистиги боюнча).

Аспирантура жөнүндөгү Жободо (1956) докторантура жоюулган, бул жобо көп жылдар бою (1987 -жылга чейин) союздук республикаларда докторантураны жапкан. 1938—1991-жылдарда өлкөнүн илимий потенциалынын өсүшүнө Б.Д. Джамгерчинов, А.Х. Хасанов, М.Т. Айтбаев, Х.М. Мусин, С.И. Ильясов, Д.М. Меджитов, М.М. Малабаев, С.М. Абрамзон, С.А. Токтогонов, С.А. Аттокуров, Д.О. Айтмамбетов, Ж.С. Татыбекова, С.Т. Табышалиев, В.М. Петровец, В.М. Плоских, С.С.Данияров, Э.Ж. Маанаев ж.б. салым кошушкан.

Жалпысынан 1950-1960-жылдары илимге коомчулуктун кызыгуусу жана окумуштуунун кесибинин кадыр-баркы болуп көрбөгөндөй деңгээлде болгон. 1960—1980-жылдар советтик илимдин өнүгүшүнүн бүткүл мезгилинин ичинде илимпоздордун санынын өсүшүнүн эң жогорку мезгили болгондугун белгилебей коё албайбыз.

Республиканын тарыхчыларынын изилдөөлөрүндөгө ири окуя 1956 -жылы Кыргызстандын тарыхынын 2 том болуп басылышы; 1960-жылдары «Кыргызстандын тарыхын» чыгышы болгон. «Кыргыз ССРинин тарыхынын» үчүнчү басылышы илимий коомчулук тарабынан жогору бааланган. «Кыргыз ССРинин тарыхынын» төртүнчү академиялык басылышы 1984 -жылы жарык көргөн. «Кайра куруу» саясатындагы ачык-айкындуулук, плюрализм жана

ачыктуулук коомдук аң-сезимдеги өзгөрүүлөргө жаңы дем берип, элдин тарыха болгон кызыгуусун жараткан.

Тарыхчылардын илимий-педагогикалык кадрларын даярдоо системасынын иштешин өнүктүрүүнү жыйынтыктап жатып, мамлекеттин аспиранттарга активдүү колдоо көрсөткөндүгүн, советтик тарых илимдеги, билим берүүсүндөгү идеологиялык тапшырууларга карабай, тарыхчы илимий кадрларынын өсүү темпинин жогорулоосун белгилей кетүү керек.

Илим изилдөөчү кадрларды даярдоонун советтик системасындагы республиканын илимий потенциалынын негиздөөгө Б.Д. Джамгечинов, А.Х. Хасанов, С.Т. Табышалиев, С.Илиясов, Б.Ч. Чокушев, С.Т. Аттокуров, Ж.С. Бактыгулов, Э.Ж.Маанаев ж.б. салым кошуп, илимге атактуу окумуштуулардын, тарыхчылардын, келишине жол ачышкан.

## КОРУТУНДУ

Кыргызстанда 1932-1991-жж. тарыхчылардын илимий-педагогикалык кадрларды даярдоодо жогорку тарыхый билим берүү жаңы сапаттык системасы уюштурулган.

Кыргызстанда тарыхчы илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо системасы социалдык-маданий институт катары мамлекеттин өзгөрүп жаткан саясий процесстерине жана айрым саясий лидерлердин кызыкчылыктарына ылайык пайда болгон жана өнүккөн. Изилдөөнүн жүрүшүндө тарыхчы илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо системасынын келип чыгуу, институтташтыруусу, реформалоо процесстери каралды.

Совет доорунда Кыргызстандагы университеттик тарыхый билим жана илими жогорку тарыхый билим берүү, өнүгүүнүн бардык баскычтарындагы институт катары анын максаттарын көтөрүп, милдеттерди койгон, структурасын өзгөртүп, тарыхый курстардын мазмунун аныктаган коомдук-саясий системанын ажырагыс бөлүгү болгон деп тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

Жүргүзүлгөн изилдөө бизге төмөнкү **тыянактарды** чыгарууга мүмкүндүк берет:

1. Советтик билим берүү парадигмасы коомду башкаруу, турмуштун бардык чөйрөлөрү үчүн кадрларды даярдоо, жаш муундарды калыптандыруу жана тарбиялоо боюнча ишке ашырылган саясатка ылайык өлкөнүн калкына идеологиялык таасир берүү функцияларын аткарган. Бул жагынан алганда тарыхый билимге партиялык жетекчилик тарабынан тандалган өлкөнүн өнүгүү жолун - коммунисттик келечекти негиздөөгө чакырылган агитаторлордун ролуна өзгөчө маани берилген. Педагогикалык тарыхчы кадрларын даярдоо республиканын биринчи жогорку окуу жайында Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунда уюштурулган. Коомду бириктирүүнү ишке ашыруудагы тарыхчылардын өзгөчө максаты, Улуу Ата Мекендик согуштун башталышына байланыштуу мамлекеттин стратегиялык милдеттери 1930-1950-жылдары факультеттин кадыр-баркына жана анын өсүшүнө таасирин тийгизген.

2. 1930-жылдары тарых илиминин жана билиминин жаңы образын түзүүгө байланыштуу жогорку тарых билими кадрларды даярдоонун актуалдуу багыттарынын бирине айланган, тарых билимин өнүктүрүүдө республиканын областтык жогорку окуу жайларында тарых кафедралары уюштурулган. Кыргызстанда илимий кадрларды даярдоонун эволюциясын талдоодо даярдоонун экстенсивүү мүнөзүнөн улам областтык жогорку окуу жайларындагы тарых кафедраларынын иши токтотулуп, Кыргыз мамлекеттик университетине топтолгон.

3. 1950 -жылдары Кыргызстандын тарыхында университеттик жогорку окуу жайы пайда болгон. 1970-жылдан 1991-жылга чейин Кыргыз мамлекеттик университетинин базасында (8 кафедра, 2 кабинет, 1 музей, 1500 студенттен турган контингент) Кыргызстанда илимий-педагогикалык тарыхчы кадрларды даярдаган жалгыз университет болгон, анда билим берүүнүн өзгөрмө формалары тарыхчыларды фундаменталдуу даярдоону жүзөгө ашырды: күндүзгү, сырттан окуу, кечки, аспирантура, республиканын тарыхчыларынын квалификациясын жогорулатуу. Тарых билиминин мазмуну, мамлекет жүргүзгөн идеологиялык иштин көрсөткүчү болуп, коомдук-саясий процесстердин таасири астында өзгөрүп турган. Совет мезгилиндеги тарыхчылардын ролун аныктоо менен биз жогорку билим берүү адистиктеринин рейтинг системасындагы тарыхый билим артыкчылыктуу адистиктердин бири болгонун белгилейбиз, калк үчүн бул жогорку деңгээлдеги социалдык мобилдүүлүккө ээ кадыр-бакртуу окумуштуу, партиялык кызматкер.

4. 1930-1950-жылдары Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту менен СССРдин КирФАНында аспирантура жана докторантура аркылуу илимий тарыхчы кадрларды даярдоо жана аттестациялоо системасы түзүлгөн. Илимий кадрларды даярдоо жаатындагы мамлекеттик саясат аспиранттарга жогорку стипендияларды төлөө, СССРдин борбордук илимий изилдөө институттары, союздук республикалардын аспирантурасы менен илимий байланыштарды кеңейтүү аркылуу Кыргызстандан келген докторанттар менен аспиранттардын илимий потенциалынын өсүшүнө салым кошту. Ошол эле убакта, тарых илимнин саясатташуусу дайым эле ачык илимий диалогго жана илимий изилдөө эркиндигине өбөлгө түзгөн эмес.

5. Кыргызстанда 1950-1990-жылдары илимий кадрларды даярдоо жана аттестациялоо системасын өнүктүрүү тарых илиминин интенсивдүү өнүгүшү, илимий изилдөө кадрларын даярдоо системасы менен коштолгон. Республикадагы аспирантура жана докторантура системасынын өнүгүү мезгилинде 200дөн ашуун тарых илимдеринин кандидаттары жана 27 тарых илимдеринин докторлору даярдалган. Тарых илими, тарыхчылар, мамлекеттик саясаттын учурдагы кысымы астында, партия жетекчилигинин талаптарын кабыл алып, көз караштарын өзгөртүшкөн жана тарыхый билимдер системасын баалуулуктары жана көз караштары менен толукташкан.

1932-1991-жылдары тарыхчы илимий изилдөө кадрларын, тарых билимин жана тарыхый изилдөөлөрдү интенсивдүү өнүктүрүү мамлекет тарабынан колдоого алынган. Заманбап жогорку билим берүү трансформациялануу жана иштөөнүн натыйжалуу жолдорун издөө, заманбап инновациялык жетишкендиктерди, билим берүүнүн дүйнөлүк интеграциялык системасынын тажрыйбасын киргизүү абалында. Ал эми жогорку тарых билимин андан ары реформалоо жолду басып өткөн жетишкендиктерин жана каталарын, совет мезгилиндеги тарых билиминин негиздерин эске алуу менен, факультеттин азыркы заманда топтолгон советтик практикалык тажрыйбасын колдонуу менен натыйжалуу болмокчу.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1. Билим берүү министрлиги Кыргыз билим берүү академиясы менен биргеликте алдыңкы эксперттер, мугалимдер, окумуштуу тарыхчылар менен менен илимий-педагогикалык тарыхчы кадрларын эффективдүү даярдоо үчүн бирдиктүү концепцияны, тарых жана тарых билиминин мазмунун иштеп чыгышы керек.

2. Тарыхчы кесипкөй кадрларын даярдоо үчүн аймактык жогорку окуу жайлары «Тарых» багыты боюнча Мамлекеттик стандартка төмөнкүлөрдү киргизүү зарыл: көмөкчү тарыхый дисциплиналарды: нумизматика, тарыхый география, палеография, окуу программасына Кыргызстандагы археологиялык эстеликтерди (Шах-Фазиль, Таш-Рабат, Өзгөн мунарасы ж.б.) изилдөө менен тарых факультеттеринин студенттерин окутууда археологиялык казуулар, археологиялык практиканы системалуу түрдө киргизүү.

3. ЖОЖдор, тарых факультеттеринин жетекчилиги каржылоо булактарын таап, келишимдерди түзүп, студент тарыхчылардын музейдик жана архивдик практикасы боюнча коңшу республикалар менен биргелешкен программаларды ишке ашыруусу, материалдарды чогултуусу тарых илиминин булактык базасын мындан ары кеңейтүүгө шарт түзөт. Тарыхчы кадрларды даярдоодо каржылоону стимулдаштыруу менен алардын дүйнө таанымына таасирин тийгизген эң маанилүү заманбап шарттардын бири музей жана архивдик практика болуп эсептелет.

4. КР УИА тарыхый изилдөөлөрдүн булак базасын чыңдоо үчүн басылманын, кол жазмалар фондунун толук санариптешине көмөктөшүү.

5. Республиканын архивдери ЖОЖдордон материалдарды, университеттин ар бир структурасынын, профессордук-окутуучулар курамынын ишмердүүлүгүнүн жылдык отчетторун тиешелүү түрдө чогултууну жана сактоону ишке ашыруусу изилдөө иштерин жеңилдетип, тарыхчылардын изилдөөлөрүндө тарыхый материалдардын толук чагылдырылышына көмөк көрсөтмөкчү.

Жогорудагы чараларды ишке ашыруу тарых билимин мындан ары жакшыртууга өбөлгө түзмөкчү.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**

1. Кадыралиева, Н.Ш. Роль Исхака Раззакова в развитии высшего образования [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Исхак Раззаков и современный Кыргызстан: материалы научно-практической конференции посвященной 100-летию И. Раззакова. – Бишкек, 2011. – С. 165-168.
2. Кадыралиева, Н.Ш. Полувековой путь кафедры истории Кыргызстана к 50-летию кафедры истории Кыргызстана нового и новейшего времени КНУ им. Ж. Баласагына [Текст] / Т.Ж. Жоробеков, Н.Ш. Кадыралиева // Бишкек, 2011. – 39 с.
3. Кадыралиева, Н.Ш. Подготовка педагогических кадров историков в вузах Кыргызстана (1932-1991 гг.) [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Известия вузов (Кыргызстан). – 2012. – № 8. – С. 20-26.
4. Кадыралиева, Н.Ш. Становление вузовской системы подготовки кадров историков в Кыргызстане (1932-1991 гг.) [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – 2013. – № 5. – С.116-119.
5. Кадыралиева, Н.Ш. Подготовка педагогических кадров историков в вузах Кыргызстана (1951-1991 гг.) [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Труды конференции посвященной 80-летию этнографа и журналиста Амантура Сейталы уулу Акматалиева (1934-2002 гг.). – Бишкек, 2014. – С.104-108.
6. Кадыралиева, Н.Ш. Подготовка педагогических кадров историков на заочном отделении в Кыргызстане (1932-1991 гг.) [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. Спец.выпуск. – 2015. – С.50-53.
7. Кадыралиева, Н.Ш. Становление и развитие научно-исследовательских центров в области исторической науки (1924-1943 гг.) [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // 130-летие видного государственного военного деятеля М.В. Фрунзе: материалы международной научно-практической конференции. – Бишкек, 2015. – С.119-125.
8. Кадыралиева, Н.Ш. Формирование первых вузов, исторических факультетов и кафедр в Кыргызстане (1932-1991 гг.) [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Сохранение исторической памяти о великой Отечественной войне: проблемы и решения: материалы научно-практической конференции БГУ им. К. Карасаева. – Бишкек, 2016. – С. 484-502.
9. Кадыралиева, Н.Ш. Подготовка педагогических кадров женщин историков в Кыргызском женском педагогическом институте (1945-1962 гг.) [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Женщины Кыргызстана: реалии и перспективы. Год истории и культуры, 23-летие Конгресса женщин КР: материалы 2-й международной научно-практической конференции. – Бишкек, 2016. – С. 93-97.
10. Кадыралиева, Н.Ш. Этнографическая практика студентов исторического факультета КГУ под руководством К. Мамбеталиевой

[Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Научно-практическая конференция посвященная 80-летию К. Мамбеталиевой. – Бишкек, 2016. – С. 72-75.

11. Кадыралиева, Н.Ш. Исторический анализ подготовки научно-педагогических кадров историков (1951-1969 гг.) [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – 2016. – № 2. – С.105-111.

12. Кадыралиева, Н.Ш. Воспоминания преподавателей исторического факультета КГУ (КГПИ) о восстании 1916 г. [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Национально-освободительное восстание 1916 года в Кыргызстане и Центральной Азии: материалы научно-практической конференции. – Бишкек, 2017. – С. 229-238.

13. Кадыралиева, Н.Ш. Комплектование профессорско-преподавательского состава исторического факультета КГУ в 1932-1991 гг. [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – 2017. – № 4. – С.139-147.

14. Кадыралиева, Н.Ш. Опыт идеологического воспитания студентов исторического факультета КГУ в Кыргызстане в 1932-1991 гг. [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – 2019. – № 1. – С.78-82.

15. Кадыралиева, Н.Ш. Вехи истории истфака КГУ 1951-1991 гг. [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Материалы конференции посвященной 70-летию Мурзабекова Т.М. – Бишкек, 2019. – С. 90-105.

16. Кадыралиева, Н.Ш. Развитие исторического факультета Кыргызского государственного университета в 1970-1990 гг. [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Актуальные проблемы исторических исследований. Взгляд ученых: материалы первой международной научной конференции. – Бухара, 2020. – С. 66-74.

17. Кадыралиева, Н.Ш. Становление и развитие системы подготовки научно-педагогических кадров историков в Кыргызстане в 1938-1954 гг. [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Global science and innovations 2020: Central Asia: серия «Исторические науки и археология». – Нурсултан, 2020. – № 4. – С. 88-92.

18. Кадыралиева, Н.Ш. Развитие высшего исторического образования в Кыргызстане в 1970-1991 гг. [Текст] / А.К. Карыева, Н.Ш. Кадыралиева // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – 2020. – № 4. – С.85-94.

19. Кадыралиева, Н.Ш. Кыргызстанда тарых илиминин калыптанышы [Текст] / А.К. Карыева, Н.Ш. Кадыралиева // Вестник КГУСТА им Н. Исанова. – 2020. – № 4. – С.78-82.

20. Кадыралиева, Н.Ш. Студенчество исторических факультетов Кыргызстана в годы Великой Отечественной войны [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева // Гуманитарно-педагогические исследования. – Магнитогорск, 2021. – Т. 5. – № 1. – С. 24-30.

21. Кадыралиева, Н.Ш. Становление и развитие высшего исторического образования в региональных вузах Кыргызстана в 1939-1969 гг. [Текст] / Н.Ш. Кадыралиева, Г.Ж. Чодолдоева // Известия Воронежского

государственного педагогического университета. – Воронеж, 2021. – № 1 (290). – С. 137-141.

**Кадыралиева Нуриза Шералкановнанын «Кыргызстандагы илимий-педагогикалык тарыхчы кадрларын даярдоо 1932-1991 жж.» деген темадагы 07.00.02 – Ата-Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр**: тарыхчыларды даярдоо, тарыхтан билим берүү, жогорку окуу жайы, университет, мамлекеттик саясат, идеология, аспирантура, тарыхчылар, илим.

**Изилдөонүн объектиси** – 1932-1991-жылдардагы Кыргызстандагы жогорку жана жогорку окуу жайдан кийинки тарыхый билим берүү.

**Изилдөөнүн предмети** болуп Кыргызстандагы 1932-1991-жылдардагы жогорку тарыхый билим берүүнүн, илимий-педагогикалык тарыхчы кадрларды даярдоо системасынын калыптанышы жана өнүгүшүнүн шарттары, тенденциялары жана мыйзамченемдүүлүктөру эсептелет.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты -** жогорку тарыхый билим берүүнүн калыптануу жана өнүгүү процесстерин жана Совет мезгилинде (1932-1991) Кыргызстандагы илимий-педагогикалык тарыхчы кадрларды даярдоонун тутумун изилдөө.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизин** жалпы илимий жана жалпы тарыхый илимий ыкмалар түздү: индукция, дедукция, анализ, синтез, абстракция, салыштыруу, критикалык анализ, тарыхый-генетикалык, проблемалык-хронологиялык, тарыхый-тутумдук, структуралык-функционалдык анализ, тарыхый-институционалдык мамиле, тарыхый-салыштырмалуу, тарыхый-биографиялык ыкма, тарыхый-маданий метод, микро-социалдык мамиле. Бул методдор Совет мезгилинде республиканын жогорку окуу жайларында жогорку тарых билиминин абалын, шарттарын, түзүмүн, мазмунун жана илимий-педагогикалык тарыхчы кадрларды даярдоонун абалын аныктоого мүмкүндүк берди.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы** тарых илиминде биринчи жолу Кыргызстанда совет мезгилиндеги билим берүү тармагында тарыхтан билим берүү жана илимий-педагогикалык тарыхчы кадрлардын даярдалышына комплексттүү изилдөө жүргүзүлдү.

**Диссертациянын алынган натыйжаларынын практикалык мааниси** жогорку билим берүү тармагында, илимий-педагогикалык тарыхчы кадрларды даярдоону өркүндөтүү ишинде, ошондой эле билим берүү процесстеринде илимий изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн маалыматтык базанын кеңейишине өбөлгө түзөт.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Кадыралиевой Нуризы Шералкановны на тему «Подготовка научно-педагогических кадров историков в Кыргызстане (1932-1991 гг.)» на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – отечественная история**

**Ключевые слова:** подготовка историков, историческое образование, вуз, университет, государственная политика, идеология, аспирантура, историки, наука.

**Объектом исследования** является высшее и послевузовское историческое образование в Кыргызстане в 1932-1991 гг.

**Предметом исследования** выступают условия, тенденции и закономерности становления и развития высшего исторического образования, системы подготовки научно-педагогических кадров историков в Кыргызстане в 1932-1991 гг.

**Целью** диссертационного исследования является изучение процесса организации, становления и развития высшего исторического образования и системы подготовки научно-педагогических кадров историков в Кыргызстане в советский период (1932-1991 гг.) для выработки ее эффективной и современной модели.

**Теоретическо-методологическую основу исследования** составили общенаучные и обще-исторические научные методы: индукции, дедукции, анализа, синтеза, абстрагирования, сравнения, критического анализа, историко-генетического, проблемно-хронологического, историко-системного, структурно-функционального анализа, историко-институционального подхода, историко-сравнительного, историко-биографического метода, историко-культурного метода, микро-социального подхода. Эти методы позволили во всем многообразии установить состояние, условия, структуру, содержание высшего исторического образования и подготовки научно-педагогических кадров историков в вузах республики в советский период.

**Научная новизна диссертации** заключается в том, что в ней проведено комплексное исследование исторического образования, подготовки научно-педагогических кадров историков в Кыргызстане в советский период.

**Практическая значимость полученных результатов** диссертации способствует расширению информационной базы для проведения исследований в области высшего образования, в работе по совершенствованию подготовки научно-педагогических кадров историков, а также в учебно-образовательных процессах.

## SUMMARY

**The dissertation of Kadyralieva Nuriza Sheralkanovna on the topic «Training of scientific and pedagogical personnel historians in Kyrgyzstan in (1932-1991 yy.)» for the degree of candidate of historical sciences in specialty 07.00.02. – National history**

**Key words:** training of historians, historian education, university, university, public policy, ideology, postgraduate studies, historians, science.

**The object of the study** is higher and postgraduate historian education in Kyrgyzstan in 1932-1991.

**The subject of the research** is the conditions, tendencies and regularities of the formation and development of higher historian education, the system of training scientific and pedagogical personnel of historians in Kyrgyzstan during the Soviet period.

**The aim of the work** is to study the process of formation and development of higher historical education and the system the system of scientific training and pedagogical personnel of historians in Kyrgyzstan during the 1932-1991 yy.

**Connection of the dissertation topic** with the main research works. The dissertation work was carried out at the Department of the History of Kyrgyzstan, KNU named after J. Balasagyn is also proactive.

**The theoretical and methodological basis** of the study was formed by general scientific and general historical scientific methods: induction, deduction, analysis, synthesis, abstraction, comparison, critical analysis, historical-genetic, problem-chronological, historical-system, structural-functional analysis, historical-institutional approach , historical-comparative, historical-biographical method, historical-cultural method, micro-social approach. These methods made it possible to establish in all their diversity the state, conditions, structure, content of higher historian education and the training of scientific and pedagogical personnel of historians in the republic's universities during the Soviet period.

**The scientific novelty of the dissertation was that a comprehensive** study of historical education, training of scientific and pedagogical personnel of historians in Kyrgyzstan during the Soviet period was carried out for the first time in the history.

**The practical significance** of the obtained results of the dissertation contributes to the expansion of the information base for research conducting in the field of higher education, in the work to improve the training of scientific and pedagogical personnel of historians, as well as in educational processes.